КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# З А К О Н
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

2013-жылдын 31-октябрында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., № 3, 158-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

**1.** 140-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"140-статья. Доону камсыз кылуу үчүн негиздер

1. Ишке катышкан жактардын арызы боюнча сот доону камсыз кылуу чарасын көрүшү мүмкүн. Эгерде ушундай чараларды кабыл албоо соттун, бейтарап соттун чечимин аткарууну кыйындатса же мүмкүнчүлүк бербесе, доону камсыз кылууга иштин бардык абалында жол берилет.

2. Туруктуу иштеген бейтарап сот тарабынан каралган бейтарап териштирүүдө тараптардын арызы боюнча доону камсыз кылуу чаралары, доону камсыз кылуунун бир түрүн башка түрү менен алмаштыруу, доону камсыз кылууну жокко чыгаруу жана доону камсыз кылуу боюнча башка маселелер ушул главада каралган эрежелер боюнча жүргүзүлөт.".

**2.** Кодекс төмөнкүдөй мазмундагы $141^1$-статья менен толукталсын:

"$141^1$-статья. Бейтарап териштирүү тарабынын доону камсыз кылуу тууралуу арызы

1. Бейтарап териштирүү тарабынын доону камсыз кылуу тууралуу арызы бейтарап соттун жайгашкан жери боюнча же болбосо жоопкердин жайгашкан же жашаган жери, же болбосо жоопкердин мүлкү жайгашкан жери боюнча берилет.

2. Бейтарап териштирүү тарабынын доону камсыз кылуу тууралуу арызына төмөнкүлөр тиркелет:

1) бейтарап териштирүүлөр демилгеленген, туруктуу иштеп жаткан бейтарап сот тарабынан күбөлөндүрүлгөн доо арызынын көчүрмөсү;

2) талашты бейтарап соттун чечүүсүнө берүү жөнүндө (бейтарап макулдашуу) макулдашуунун нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү.".

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# З А К О Н
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении изменений и дополнений в Гражданский процессуальный кодекс Кыргызской Республики**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

31 октября 2013 года

**Статья 1.** Внести в Гражданский процессуальный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2000 г., № 3, ст. 158) следующие изменения и дополнения:

**1.** Статью 140 изложить в следующей редакции:

«Статья 140. Основания для обеспечения иска

«1. По заявлению лиц, участвующих в деле, суд может принять меры к обеспечению иска. Обеспечение иска допускается во всяком положении дела, если непринятие таких мер может затруднить или сделать невозможным исполнение решения суда, третейского суда.

2. Меры по обеспечению иска, замена одного вида обеспечения иска другим, отмена обеспечения иска и все другие вопросы по обеспечению иска по заявлению стороны в третейском разбирательстве, которое рассматривается постоянно действующим третейским судом, производится по правилам, предусмотренным настоящей главой.».

**2.** Кодекс дополнить статьей $141^1$ следующего содержания:

«Статья $141^1$. Заявление стороны третейского разбирательства об обеспечении иска

1. Заявление стороны третейского разбирательства об обеспечении иска подается по месту нахождения третейского суда либо по месту нахождения или месту жительства ответчика, либо месту нахождения имущества ответчика.

2. К заявлению стороны третейского разбирательства об обеспечении иска прилагаются:

1) копия искового заявления, заверенная постоянно действующим третейским судом, где инициировано третейское разбирательство;

**3.** 146-статья төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толуктalсын:

"5. Бейтарап териштирүү тарабынын арызынын негизинде чыгарылган доону камсыз кылуу маселелери боюнча соттун аныктамасына даттанылган учурда, сот бейтарап соттон иштин материалдарынын талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн, жеке арызды кароо үчүн зарыл болгон материалдарды гана талап кылышы мүмкүн.".

**4.** 420-статьянын 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Бейтарап соттордун Кыргыз Республикасынын аймагында кабыл алынган чечимдерин мажбурлап аткартуунун аткаруу баракчасын берүү жөнүндө иштер боюнча өндүрүш соттор тарабынан ушул главада белгиленген өзгөчөлүктөр менен, жарандык сот өндүрүшүнүн жалпы эрежелери боюнча жүзөгө ашырылат.".

**5.** 424-статьяда:

4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Бейтарап соттун чечимин мажбурлап аткартуунун аткаруу баракчасын берүүдөн баш тартуу тууралуу же болбосо берүү жөнүндө соттун аныктамасына жогору турган сотко даттанылышы мүмкүн.

Жогору турган сот келип түшкөн күндөн тартып бир айлык мөөнөттө каралууга жаткан көзөмөл тартибиндеги даттанууларды кошпогондо, даттануу боюнча келип түшкөн ишти ал келип түшкөн күндөн тартып жыйырма күндөн кечиктирбестен кароого тийиш.";

статья төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толуктalсын:

"5. Бейтарап соттун чечимин мажбурлап аткартуунун аткаруу баракчасын берүүдөн баш тартуу тууралуу же болбосо берүү жөнүндө соттун мыйзамдуу күчүнө кирбеген аныктамасына даттануу сот тарабынан биротоло формада аныктама чыгарылгандан кийин он күндүн ичинде берилиши мүмкүн.

Бейтарап соттун чечимин мажбурлап аткартуунун аткаруу баракчасын берүүдөн баш тартуу тууралуу же болбосо берүү жөнүндө соттун мыйзамдуу күчүнө кирген аныктамасына даттануу соттун аныктамасы күчүнө кирген күндөн тартып үч айдан ашпаган мөөнөттө берилиши мүмкүн.".

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**

Бишкек ш.
2013-жылдын 11-декабры
№ 217



2) копия соглашения о передаче спора на разрешение третейским судом (третейское соглашение), удостоверенная нотариально.».

**3.** Статью 146 дополнить пунктом 5 следующего содержания:

«5. В случае обжалования определения суда по вопросам обеспечения иска, вынесенного на основании заявления стороны в третейском разбирательстве, суд может истребовать из третейского суда надлежащим образом заверенные копии материалов дела, при чем только те материалы, которые необходимы для рассмотрения частной жалобы.».

**4.** Пункт 1 статьи 420 изложить в следующей редакции:

«1. Производство по делам о выдаче исполнительного листа на принудительное исполнение принятых на территории Кыргызской Республики решений третейских судов осуществляется судами по общим правилам гражданского судопроизводства с особенностями, установленными настоящей главой.».

**5.** В статье 424:

пункт 4 изложить в следующей редакции:

«4. Определение суда об отказе в выдаче либо о выдаче исполнительного листа на принудительное исполнение решения третейского суда может быть обжаловано в вышестоящий суд.

Вышестоящий суд должен рассмотреть поступившее по жалобе дело не позднее двадцати дней со дня его поступления, за исключением жалобы в порядке надзора, которая подлежит рассмотрению в месячный срок со дня поступления.»;

статью дополнить пунктом 5 следующего содержания:

«5. Жалоба на не вступившее в законную силу определение суда об отказе в выдаче либо о выдаче исполнительного листа на принудительное исполнение решения третейского суда может быть подана в течение десяти дней после вынесения судом определения в окончательной форме.

Жалоба на вступившее в законную силу определение суда об отказе в выдаче либо о выдаче исполнительного листа на принудительное исполнение решения третейского суда может быть подана в срок, не превышающий трех месяцев со дня вступления в силу определения суда.».

**Статья 2.** Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А. Атамбаев**

г. Бишкек
11 декабря 2013 года
№ 217